**Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен**

**сырткаркы кошумча билим берүү**

**лабораториясынын бөлүм башчысы**

**Алымбаева Бермет Бекешовна**

*Класстык саат:*

САБАКТЫН ТЕМАСЫ:

# ОКУУЧУНУН МЕКТЕП ЭРЕЖЕСИ, МОРАЛДЫК-ЭТИКАЛЫК КОДЕКСИ

(5-класстарга)

*Адамды сөзүнөн таанspecies, ишинен тааныйт.*

| Сабактын максаттары | | |
|---|---|---|
| | *Мугалим* | *Окуучу*<br>күтүлүүчү натыйжалар |
| ***Билим берүүчүлүк*** | Окуучулар мектеп эрежесин билүүгө аларды үйрөтүгө тарбиялоо.<br>Мектептеги жүрүм-турум адеби боюнча окуучунун түшүнүгүн кеңейтүү | **Эгерде окуучулар сабактын аягында:**<br>✓ Окуучулар Мектеп эрежеси тууралуу түшүнүктөргө ээ болушат жана айтып бере алышат. |
| ***Өнүктүрүүчүлүк*** | Жүрүм-турум, жоопкерчиликтүү мамиле калыптандырылат.<br>Мектеп эреженин туура сактоону үйрөнүшөт.<br>Окуучунун байкагычтыгын, анализдөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү. | ✓ Окуучулар Жүрүм-турум мамиле түшүнүктөрү тереңдейт. |
| ***Тарбиялык*** | Окуучуларды улуу-кичүүгө илбериңки, кең пейилдикке, адептүүлүккө ж.б. асыл сапаттарга тарбиялоо | Окуучулар моралдык-этикалык кодекси тууралуу түшүнүктөрү кеңейет. Алган билимдерин турмушта пайдалана билүүгө тарбияланат. |

**Көрсөткүчтөр:** Сабак максатына жеткен болуп эсептелет, эгерде:

1. Окуучулардын мектеп эрежелерин туура сактоо жөнүндөгү түшүнүктөрү тереңдесе;
2. Окуучулар моралдык-этикалык кодекси жөнүндө түшүнүктөрү кеңейсе;
3. Жүрүм-турумга жоопкерчиликтүү мамиле калыптандырылса.

**Сабактын тиби:** чыгармачылык бышыктоо.
**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, тушүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.

**Сабактын жабдылышы:** макал-лакаптар, слайд, проектор, темага карата сүрөттөр.
**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).

**Сабактын жүрүшү. Уюштуруу: Жагымдуу жагдай түзүү.**

Саламатсыңарбы балдар! Бүгүнкү биздин темабыз "Окуучунун мектеп эрежеси, моралдык-этикалык кодекси"

**Мугалим:**

- **Балдар мектеп эрежелерин билесинерби?**

**Жалпы Жобосу:**
1.1.Окуучулардын мектептеги ички тартибинин эрежелери "КР Билим тууралуу" мыйзымынын жана мектептин Уставынын негизинде иштелип чыкты
1.2.Мектептин ички тартиби окуучулардын мектептеги жана мектепке тиешелүү аймактагы, ошондой эле мектептин окуучулары катышкан мектептен тышкаркы иш-чаралар убагындагы негизги жүрүм-турум эрежелерин жана нормаларын аныктайт.
**Окуучунун милдеттери:**
2.1 Мектепке сабак башталардан 15 мүнөт эрте келгенге;
2.2 Мектеп аныктаган мектеп формасында, таза жана тыкан кийимде келүүгө (дене тарбия сабактарында спорттук форманы колдонуу);
2.3 Кийим чечүүчү жайда сырткы кийимин чечүү, керек болгон убакта бут кийимин алмаштырууга;
2.4 Өзүнүн окуу орундугун жана окууга керектүү куралдарын сабакка даярдоого;
2.5 Мектепте жана мектептен тышкары жерлерде өзүн маданияттуу алып жүрүү;
2.6 Мектептин ички тартибине ылайык жүрүм-турум эрежелерин сактоого (окуу процессин бузбоо, сабактарга ар дайым даяр болуу, сабактарга кечикпөө, класс жана мектеп турмушуна катышуу, сабак учурунда телефон колдонбоого);
2.7 Педагогдор, мектептин жумушчу персоналдары жана окуучулары менен өз ара сый мамиле түзүү, эмгегин баалоо жана урматтоо менен мамиле кылуу;
2.8 Мектептин территориясында тазалыкты жана тартипти сактоого;
2.9 Мектептеги, класстагы коопсуздук атмосфераны түзүү жана колдоо;
2.10 Сабак калтырган учурда өз убагында класс жетекчиге талап кылынган документтерди көрсөтүүгө;
2.11 Мектептин эмеректерине аяр мамиле кылуу;
2.12 Мугалим берген тапшырманы өз убагында, так аткарууга, жоопкерчиликтүү мамиле кылуу;

2.13 Мектептеги коомдук пайдалуу эмгек процессине катышууга милдеттүү.

**Окуучуларга тыюу салынат:**

3.1 Мугалимдин уруксатысыз сабак учурунда мектептен кетүүгө;

3.2 Спорттук, маданияттык жана класстан тышкаркы иш-чараларды таштап кетүүгө;
3.3 Кооптуу абалды пайда кылуучу иш-аракеттерди кылууга (терезеге, партанын үстүнө чыгып ойноого, ар кандай күйүүчү, жарылуучу заттарды кодонууга):

3.4 Ден соолукка зыян келтирүүчү заттарды, препараттарды, суусундуктарды колдонууга (алкоголь, наркотиктер, токсиндер, амфетаминдер, тамеки ж.б.);

3.5 Адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна зыян алып келүүчү заттарды пайдаланууга; (пистолет, бычак, мылтык, кастет ж.б.)

3.6 Мектепте психо-активдүү заттарды колдонууга (насвай, тамеки, алкоголдук жана энергетикалык ичимдиктер);

3.7 Орой, сөгүнгөн сөздөрдү колдонууга;

3.8 Ар кандай диний агымдарды жайылтууга;

3.9 Азарттык оюндарды ж.б. адамдын өмүрүнө жана психологиясына терс таасир этүүчү оюндарды ойноого;

3.10 Сабак учурунда уюлдук телефондорду колдонууга;

3.11 Сабактарды себеби жок калтырууга тыюу салынат.

**Окуучулардын сабак учурундагы жүрум-туруму**

4.1 Коңгуроо кагылары менен окуучулар өз ордуна келип, сабакка тиешелүү куралдарын даярдоосу керек;

4.2 Кезметтеги окуучу класстык бөлмөнү жана сабакка керектүү жабдыктарды даярдап, мугалимге сабакка келбеген окуучулар жөнүндө маалымат берүүсү керек;
4.3 Окуучу кечиккен учурда мугалимден уруксат сурап кирүүсу керек;

4.4 Ар бир окуучу класстагы иш ордунун тазалыгы жана сакталышы үчүн жооп берет;

4.5 Мугалим класска киргенде, окуучулар саламдашуу үчүн ордунан турушу керек;
4.6 Партанын үстүндө сабакка тиешеси жок ашыкча эч нерсе болбошу керек;

4.7 Ар бир предметтик мугалим КРнын Билим берүү жөнүндө мыйзамына каршы келбеген эрежени орнотууга укуктуу;

4.8 Окуучу сабакта мугалимдин бардык талаптарын аткарууга милдеттүү;

4.9 Эгерде, окуучу сабак учурунда эшикке чыккысы келсе, педагогдон жооп сурашы керек;

4.10 Окуучу бардык сабактарда күндөлүгү менен катышуусу керек жана коюлган бардык баалар күндөлүктө болуусу керек;

4.11 Сабакка берилген убакыт предметти өздөштүрүү максатында гана болуусу керек, сабак учурунда ойноого, башка нерсе менен алек болууга, башкаларга тоскоол болууга болбойт;

4.12.Коңгуроо кагылгандан кийин мугалимдин уруксааты менен окуучулар тынч гана класстардан танаписке чыга алышат;

4.13. Дене тарбия сабактарына окуучулар спорттук кийим жана бут кийим менен келишет. Мугалимдин уруксааты жок окуучулар спорт залга кире алышпайт. Дене тарбия сабагынан бошотулган окуучулардын да спорт залда сабакка милдеттүү түрдө катышуусу керек.

4.14. Сабак учурунда мугалимдин уруксатысыз уюлдук телефондорду ж.б. техникалык каражаттарды колдонууга болбойт. Сабак учурунда телефондор өчүрүлүшү керек. Эгер мындай талап аткарылбаса, предметтик мугалимдер телефонду алып коюуга укуктуу. Алынган телефондор мектеп администрациясына өткөрүлүп, ата-энелерине гана кайтарылат.

4.15. Сабак учурунда мугалимдин уруксатысыз уюлдук телефондорду ж.б. техникалык каражаттарды колдонууга болбойт. Сабак учурунда телефондор өчүрүлүшү керек. Эгер мындай талап аткарылбаса, предметтик мугалимдер телефонду алып коюуга укуктуу. Алынган телефондор мектеп администрациясына өткөрүлүп, ата-энелерине гана кайтарылат.

**Окуучулардын танапис учурундагы жүрүм-туруму**

5.1 Мектеп имаратынын ичинде танапис убагында окуучу өзүн тынч, тартиптүү алып жүрүүгө милдеттүү;

5.2 Ар бир окуучу, күзөтүү кызматчысынын талабы боюнча, өз аты-жөнүн жана классын айтууга милдеттүү;

5.3. Коридор жана тепкичтерде жолдун оң жагында жүрүү шарт;

5.4.Танапис учурунда төмөндөгүлөргө тыюу салынат:

- Ызы-чуу болуп, башкалардын эс алуусуна тоскоол болууга;
- мектеп коридорунда жана тепкичтеринде чуркоого;
- бири-бирин түртүшүүгө;
- кандайдыр бир көйгөйдү чечүү үчүн физикалык күч колдонууга жана орой, уят сөздөрдү айтууга:

5.5. Жогорудагы пункттарда айтылган эрежежерди сактабаган учурда КРнын мыйзамына ылайык чара көрүлөт.

5.6. Мектепке кирүү жана чыгууда башкаларды түртпөө, алдыга улууларды жана кыздарды коё берүү;

5.7.Танаписте класста кезметтеги окуучулар гана калып, имаратты желдетип, классты иретке келтирет;

5.8.Танаписте, сабактан уруксаат суранбаш үчүн дааратканага баруу керек, ал жерде тыкан болуп, колун милдеттүү түрдө жууш керек.

**Мектеп буюмдарынын жана окуу куралдарынын сакталышы**

6.1.Бардык окуучулар мектеп буюмдарын сактоого милдеттүү, өз буюмдарына этияттык менен мамиле кылуусу зарыл;

6.2.Окуучунун күнөөсү менен буюмдар бузулса, ата-энелери толугу менен ордуна коюусу, же түзөтүүсү керек;

6.3.Окуучулар мектептин территориясына жашыл дарактарды отургузууга жана сактоого көмөк көрсөтөтүүсү керек;

6.4.Окуу куралдары, китептер, окуучулардын күндөлүктөрү тыкандыкта болуусу керек; 6.5.Бүт окуучулар окуу куралдарын сактоосу керек.

6.6.Китептин барактарды жулуп же бүктөбөш керек, китепке жазууга, же сүрөт тартууга болбойт;

**Класстан тышкаркы массалык иш-чаралардагы окуучулардын журум-турумдары**

7.1.Мектепте иш-чара өтүүнүн алдында окуучуларга сөзсүз турдө коопсуздук эрежелери боюнча маалымат берүү керек;

7.2.Адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна зыян алып келүүчү ар кандай кырсыктардан алыс болуу үчүн окуучулар талап кылынган бардык шарттарды так аткаруусу зарыл;

7.3. Окуучулар жетекчи көрсөткөн орундарында болуусу шарт;

7.4. Ар бир окуучу жеке гигиенаны сактоосу керек. Эгер кимдир бирөөнүн ден соолугу начарлап, жаман абалга келсе, дароо класс жетекчиге же мектеп администрациясына билдирүү керек. Ал окуучуга мектеп дарыгери же медайымы тарабынан мүмкүнчүлүгүнө жараша биринчи жардам көрсөтүлүү керек жана ата-энесине маалымдоо керек. Эгер зарыл болсо "тез жардам" кызматын чакыруу шарт;
7.5. Иш-чара убагында сүйлөшкөнгө, тегерегиндегилерге тоскоолдук кылууга, бир орундан экинчи орунга өтүүгө, иш-чара бүткөнгө чейин таштап чыгып кетүүгө тыюу салынат;

7.6. Ачык отторду колдонууга (хлопушка, фейерверг,факел ж.б.), өрттү пайда кылуучу химикалык пиротехникалык каражаттарды пайдаланууга тыюу салынат.

**Ашканадагы жүрүм-турумга карата талаптар:**

8.1.Ашканага өз классындагы окуучулар менен уюшулган түрдө жана тынч жагдайда баруу;

8.2.Тамактануудан мурда колду таза жууш керек;

8.3.Тамак-аштарды кезек менен алуу;

8.4. Нан жана башка тамак-аштарга этияттык менен мамиле кылуу;

8.5.Тамактануу учурунда сүйлөбөө;

8.6.Ашканага класс үчүн атайын түзүлгөн мөөнөт менен баруу;

8.7. Ысык жана суюк тамак-аштарды алууда жана колдонууда этият болуу;
8.8.Тамактангандан кийин колдонгон идиш-аяктарды чогултуп, атайын столго алып барып коюу.

**Корутунду бөлүк**

9.1.Окуучуларга коюлган бул талаптардын бузулушуна карата тартиптик жана тарбиялык таасир берүүчү чаралар колдонот:

o Түшүндүрүү иштери;

o Ата-энелерин мектепке чакыруу;

o Мектептин ички көзөмөлөнө коюу;

**Моралдык-этикалык кодекс деген эмне?**

Билим берүү жана илим министри окуучулар, мугалимдер, ата-энелер үчүн этикалык кодекс иштеп чыкты. Ал ар бир мектептин кире беришиине илинип турушу керек.

**Кана балдар окуучулардын нарк кодексин айтып бергилечи**

**1-окуучу:** Мен Айкөл Манастын урпагы катары ата-бабабыздын нарк-насааттарын урматтайм.

**2-окуучу:** Мен чыныгы мекенчил катары Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, мамлекеттик символдорун сыйлайм.

**3-окуучу:** Мен дүйнөдөгү эң байыркы элдердин урпагы катары өзүмдүн тарыхымды, каада-салтымды тилимди, асыл нарктарыбызды баалайм.

**4-окуучу:** Мен ата-энемдин, мугалимдеримдин, классташтарымдын жана бардык мекендештеримдин укугун, кадыр-баркын сыйлайм,

**5-окуучу:** Мен талыкпай окуп, изденип, чет тилдерди, санарип технологияларды, акыркы тажрыйбаларды үйрөнөм.

**6-окуучу:** Мен адал эмгек менен гана баар таап, бакубат турмуш курууну максат кылам,

**1-окуучу:** "Улууга-урмат, кичүүгө-ызат" демекчи, улуулардан үйрөнгөнүмдү кичүү муунга өткөрүп берүүгө милдеттенем.

**2-окуучу:** Мен мектеп буюмдарын сарамжалдуу колдоном жана аярлуу окуучулардын коопсуздугуна кам көрөм,

**3-окуучу:** Мен мектептин иш-чараларына жеке ыктыярым менен жигердүү катышам,

**4-окуучу:** Мен жаратылышка, курчап турган чөйрөгө, жан-жаныбарларга аяр мамиле кылам,

**5-окуучу:** Мен жан-дүйнөмдүн арyулугун, дене-бой тазалыгын сактап, мектебимдин жана бүтүндөй Кыргызстандын тазалыгы үчүн кам көрөм,

**6-окуучу:** Менин жетишкендиктерим менен ата-энем, мугалимдерим жана сүйүктүү сыймыктанышы үчүн бардык аракетимди жумшайм.

**Мугалим:** Азаматсыңар! Ал эми биздин педагогдордун да кодекси бар. Мен силерге айтып берейин.

## МУГАЛИМДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК КОДЕКСИ:

- Биз – мугалимдер, улуттук педагогиканын, нарктуулуктун, ар-намыстын улантуучусу экенибиз менен сыймыктанабыз,
- Биз, ар бир окуучунун инсандыгын, кайталангыс жөндөмүн сыйлайбыз жана шек келтирбейбиз,
- Биз мугалимдер, ар бир окуучуга өзүн ыңгайлуу жана коопсуз шарт түзүүгө милдеттүүбүз. Адеп жана кесип эрежелерин сактайбыз.
- Биз, окуучуларды жоопкерчиликтүү, адептүү, кайрымдуу жана мекенчил болууга тарбиялайбыз. Улуттук наркыбыз – эбегейсиз байлыгыбыз.
- Биз – мугалимдик кесиптин кадыр-баркы үчүн кам көрөбүз, мугалимдин беделине шек келтирүүгө жол бербейбиз.
- Биз балдарды окутуп окуп-тарбиялоодо өз жүрүм-турумубуз менен үлгү болобуз. Балдар – биздин келечегибиз!
- Биз ата-энелер менен ар дайым ачык баарлашып, алардын ой-пикирлерин жана сунуштарын эске алабыз. Күч –бирдикте!
- Биз жалпы адамзаттык баалуулуктарды таанып, ар бир улуттук маданияттын өзгөчөлүктөрүнө сый мамиле кылабыз.
- Биз жат көрүнүштөрдү алдын алуу боюнча чараларды көрөбүз, өзүбүз жеке жүрүм-турумубуз менен үлгү көрсөтөбүз.
- Биз эмгек тартибиг так сактайбыз. Билим берүүгө тийиштүү мүлккө аяр мамиле кылууга милдеттүүбүз.
- Биз өз мекенин сүйүүгө, адептүү, нарктуу келечек муунду тарбиялайбыз.

*Кана балдар эки топко бөлүнүп бул суроолорго жооп бергиле:*

*1-топ:* **МЕКТЕПТЕ ЭМНЕ КЫЛУУ ТУУРА ЭМЕС ?**

**Окуучулар:**

- Сабакка кечигип келүү;
- Сабак учурунда башкаларды алагды кылуу;
- Мектептеги буюмдарды сындыруу,кирдетүү;
- Мушташуу;
- Уурулук кылуу.

*2-топ:* **МЕКТЕПТЕГИ МЫКТЫ, ҮЛГҮЛҮҮ ОКУУЧУ ДЕП КАНДАЙ ОКУУЧУНУ ЭЛЕСТЕТЕСИН?**

**Окуучулар:**

- Өзүн таза, тыкан алып жүргөн окуучу;
- Сабагын жакшы окуган;
- Коомдук иштерге активдүү катышкан;
- Өзүнөн улууларды сыйлаган;
- Калп сүйлөбөгөн;
- Боорукер окуучу.

**Ар бир топтон бир окуучу чыгып өзү жөнүндө айтып берет:**

*1-топ:* Менин атым Венера. Мектепте ар дайым таза, тыкан жүргөнгө аракет кылам. Сабакты жакшы окуп көптү билгим келет. Ата-энемди уят кылбаганга, адептүү болуп, сабактан кечикпей келүүгө, мугалимди сыйлоого өзүмдү ар убак көндүрөм.

*2-топ:* Сабактан кийин ар дайым апама, атама жардам берем. Бөбөктөрүмдү ойнотом. Досторум менен урушпастан дайыма ынтымакта жүрөм. Атым Самат. Жайында чоң атам менен чоң энемдикине барып чөбүн чаап, кой, уй сарайларын тазалайм. Кээде талаадагы жүгөрүлөрүн сугарып келебиз. Ал эми чоң энеме самоор кайнатканга жардам берем.

**Мугалим:** Жакшы балдар! Демек жалкоолукка берилбей, жумуш деп гана турса, улууну сыйлап, кичүүнү ызаттап, үлгү болсо досторуна, тартиптүү жүрсө күн сайын ал кандай бала экен?

**Сабактын жыйынтыгы:**



1. Мыкты, үлгүлүү окуучу деп кимди айтабыз?
2. Мектеп эрежелерин билесиңерби?
3. Окуучунун сабак учурундагы жүрүм-турумун айтып бергилечи?
4. Мектеп буюмдарын жана окуу куралдарынын кантип сакташ керек?
5. Моралдык-этикалык кодекс деген эмне?



**Бабалар сөзүн билип жүр!**

1. Акыл — деңизден терең, билим — тоодон бийик.
2. Пайдасыз билим — жаансыз булут.
3. Билим — адамдын канаты.
4. Билим — жанып турган чырак.
5. Күч кетет, билим кетпейт.
6. Окуй берсең — көзүңдү ачат, отура берсең жалкоолук басат.
7. Эмгек — дайра, билим — кеме.

**Жыйынтыктоо:**

Балдар, биз бүгүнкү сабагыбызда: **“Окуучунун мектеп эрежеси, моралдык-этикалык кодекси”** деген эмне экенин үйрөндүк. билдик.

**Билем:** Мыкты, үлгүлүү окуучу деген эмне экенин билдим.
**Билдим:** Мектеп эрежелерин эмне экенин түшүндүм.
**Билгим келет:** Моралдык-этикалык кодекс жөнүндө көбүрөөк билгим келет.

**Үй тапшырма:** “Жүрүм-турум жөнүндө” ( Эссе жазуу).

**Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен**

**сырткаркы кошумча билим берүү**

**лабораториясынын бөлүм башчысы**

**Алымбаева Бермет Бекешовна**

*Класстык саат:*

САБАКТЫН ТЕМАСЫ:

**КАНДАЙ БАЛА МАДАНИЯТТУУ?**

(5-класстарга)

*Адамды сөзүнөн таанымбайт, ишинен тааныйт.*

| *Сабактын максаттары* | | |
|---|---|---|
| | *Мугалим* | *Окуучу* күтүлүүчү натыйжалар |
| ***Билим берүүчүлүк*** | Окуучулар “Сүйлөшүү маданияты” деген сөздүн маанисин талдап, ар убак маданияттуулукка умтулуу керектигин баамдап билишет. Маданияттулукка байланышкан ырларды, макалдарды айтышып, талдашат, түшүнүшөт. Ырларынын идеялык мазмунун аныкташат. | **Эгерде окуучулар сабактын аягында:** ✓ Окуучулар маданият деген эмне, анын белгилери тууралуу түшүнүктөргө ээ болушат жана айтып бере алышат; |
| ***Өнүктүрүүчүлүк*** | Саламдашуу, тазалык, сылыктык, сабырдуулук эрежелерин чагылдырган мисалдар аркылуу окуучулардын аң-сезимин ойготуу. | ✓ Окуучулар Көңүл буруу, учурашуу, салам айтуу маданияты түшүнүктөрү тереңдейт |
| ***Тарбиялык*** | Окуучулар улуу-кичүүгө илбериңки, сылык учурашууну үлгү экендигине ынанышат, тарбиялык маанисин аныкташат. | Окуучулар нарктуу инсандык маданият жөнүндө өз алдынча чечим чыгара алышат. |

**Сабактын жабдылышы**: Макал-лакаптар, слайд, ырлар, слайд, проектор, темага карата жасалгалоолор.

**Сабактын тиби:** чыгармачылык бышыктоо.

**Сабактын формасы**: Сабактын активдүү формасы — стандарттык эмес сабак.

**Сабактын методу**: Интерактивдүү, көрсөтмөлүү, китеп менен иштөө методдору.

I. **Сабактын жүрүшү. Уюштуруу: Жагымдуу жагдай түзүү.**

Саламатсыңарбы балдар! Бүгүнкү биздин темабыз ата-энелер менен биргеликте “Кандай бала маданияттуу?”, “Адамдын маданияты саламдашуудан башталат” деген темада класстык саат өтөбүз. Маданият жөнүндө видео-тасма (3-мүн.)

**Мугалим:**

- **Балдар кана айткылачы, маданият деген эмне, кандай түшүнөсүңөр?**
- **Нарктуу инсандык маданият дегенди кандай түшүнөбүз?**
- Кымбаттуу ата-энелер, жана окуучулар! Кичине нарк тууралуу токтолуп өтсөм.

Кыргыз Республикасынын Президенти 2022-жылдын 21-майында «Улуттук нарк жөнүндө» жарлыкка кол койгон. Бул жарлык Президенттин 2021-жылдын 29-январындагы №1 «Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене-тарбиясы жөнүндө» жарлыгынын түздөн-түз уландысы катары сунушталып жаткандыгы аталган маселелер боюнча системалуу иш жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Кыргыз эли байыртадан өз нарк-насилин, каада-салтын жана адаттарын кылымдар бою бекем тутуп, көөнөртпөй сактап, аларды жашоосунун мыйзамы катары карап, башка элдер менен теңтайлаша, атаандаша жашап келген. Башкалардын алдында абийир-арын кирдетпей, акылын кылыч кылып, намысын найза кылып салышып-салгылашып, жок болбой келген. Кеңеш жылдары коммунистик идеология менен жашаса да, нарктарын “жазылбаган мыйзамдар” деп жан дүйнөсүндө жашаткан, карыялардын накылдарында, чечендердин кебинде, көсөмдөрдүн сөзүндө, байбичелердин жүргөн-турганында, келиндердин адеби менен мырзалардын сымбатына катып келген.

Аз убакыттан бери нарк-насилибиз жанданып. Оозубуздан түшпөй, кагазга кайрадан жазылып, өлкө башчыбыздын Жарлыктары чыгып, кундөлүк жашообузга түздөн-түз аралаша баштады.

**Нарк-насил деген эмне?** Элге сиңген жакшынакай адаттарыбызды сактайлы – деп, улуудан кичүүгө чейин турмушубузга кайтара баштаганыбыз – улут катары жашообузду татыктуу улантарыбыздын ийги белгиси.[“Кыргыз намэ” Каныбек Иманалиев 4 б. 2024-ж.]

Нарктуулук темасында көбүрөөк ата-энелер балдары менен китеп окушса, акылмандардын кебин түшүндүрүп айтып беришсе, кыргыздын жан дүйнөсүн ээлеп, акылын аруулап келген ошол сөздөр акылмандыгын, нарктуулугун, баамчылдыгын айгинелеп, накыл кепке суусап турган бүгүнкү муундун акылына-акыл, эсине-эс, сөзүнө-соз кошор, көкүрөгүн аруулап, отурганда ортого салар, алыска барса ала жүрөр, уктаса башына жаздана жатар, улууларга улама болор, балдарга баалуу кеп болор.

## АСЫЛ НАРКТАРЫБЫЗ КАЙСЫЛАР?

**Кылымдар бою улуттун “рухий түркүктөрү” болуп келаткан асыл нарктарыбыз булар:**

- Адамдык ариетти бекем тутуу;
- Улуттук ар-намысты сактоо;
- Улуттук салттарды, каадаларды, үрп-адаттарды сактоо;

- Ата Мекенди сүйүү, коргоо жана ага кызмат кылуу;
- Жети атаны билүү;
- Ата-энени сүйүү жана урматтоо;
- Абийирдүү болуу;
- Нанды улук тутуу;
- Ата намысын, эне адебин сактоо;
- Улууга салам айтуу;
- Эне тилин коргоо, эне тилинде сүйлөө;
- Табиятты коргоо;
- Улуттук кийимдерди кастарлоо;
- Динин, дилин башкага алмашпоо;
- Улууну урматтоо, кичүүнү ызааттоо;
- Меймандос болуу.

Элибизде дагы бир сөз бар, ал – “нарк-насил” деген ыйык сөз. “Улуттук нарк-насилибизди сактоо менен гана улутубуз сакталып келет” деп айтабыз.Насил деген эмне? Насил – түп, тек, түпкү тек деген маанини билдирет. Нарктар өз алдынча, бир жактуу түрдө жашабайт.

**Маданият** (латынча — тарбия, тарбиялануу) — деген кайсы бир улуттун кулк-мүнөзүн (менталитетин), каада-салтын, нарк-насилин, үрп-адатын, уз-чеберчилигин жана өнөр-чыгармачылыгын камтыган руханий терең түшүнүк же башкача айтканда бир улутка таандык жашоо образы деп айтсак болот.

Маданияттуулук – төрөлгөндөн баштап калыптанып, эне сүтү менен берилген назик сезим. Ошол себептүү балдарга татыктуу тарбия, билим алуусу чоң мааниге ээ. Анткени келечекте алар өздөрү дагы балдарын маданияттуулукка үйрөтүшөт.

Маданияттуулук – төрөлгөндөн баштап калыптанып, эне сүтү менен берилген назик сезим. Ошол себептүү балдарга татыктуу тарбия, билим алуусу чоң мааниге ээ. Анткени келечекте алар өздөрү дагы балдарын маданияттуулукка үйрөтүшөт.

Жүрүм-турум маданияты, кантип сүйлөшөсүң, баарлашасың, үйдө жана көчөдө өзүңдү кандай алып жүрөсүң – мунун баары кенедей кезден калыптанып, тарбиядан көз каранды экендигине ынанасың.

Маданиятсыз окуучуларды көпчүлүктүн арасынан аныктоо абдан оңой. Алар: сабатсыз сүйлөйт, бейтааныш адамга сен деп кайрылат, цензурасы жок лексика. Дасторкон үстүндө отурганда чалпылдап тамак ичет же чайнайт, оозуна тамак салып алып сүйлөйт жана башка ушул сыяктуу көп белгилер кирет.

Билим маанилүү болгонуна карабастан, маданияттуулук андан көз каранды эмес. Азыр канчалаган адамдар жогорку билимдүүлүгүн тастыктаган диплом алганы
менен эл арасында ал жөнүндө “маданиятсыз, тартипсиз, өзүн орой алып жүрөт, текебер, жүрүм-турум этикасын үйдө да, көчөдө да сактабайт, өкүрөт, жадагалса сөгүнөт, сүйлөп жатканда сөздү бөлөт” деген сөздөр айтылып жүрөт.

Ошондуктан билимдүү адамды гана эмес, маданияттуу адамды тарбиялоо маанилүү. Баары үй-бүлөдөн башталат, мында балдар ата-энесин туурашат, аларга окшошкусу келет.

Маданияттуу, адептүү, интеллектуалдуу адам болуу – бул көп окуу, адабиятты, музыканы, тарыхты түшүнүү же театрга баруу дегенди билдирбейт, окуучулардын башкаларга кылган мамилесинде, жүрүм-турумунда, байкалган, руханий дүйнөсү бай адам болуш керек.

Мындай окуучулар башканын кадыр-баркына кылдат жана урмат-сый менен мамиле жасайт, анын ой-пикири менен эсептешет. Бөлөк окуучулардын жеке жашоосуна кийлигишпейт, менменсинбейт жана өз көз карашын агрессивдүү түрдө таңуулабайт.

Маданиятты изилдеген абдан көп илимдер бар. Мисалы, Философия илиминде этика аталган өзүнчө багыт бар, ал нравалык жана морал түшүнүктөрү менен бирге маданиятты изилдейт. Этнограф окумуштуулардын ою боюнча, маданият — бул кылымдар бою калыптанган жан-дүйнө этносунун өндүрүш жана коомдук тармактардагы жетишкендиктери. Конкреттүү коомдун мүчөлөрү кандай моралдык принциптерге ээ, өзүнүн жана башка элдин мүчөлөрү менен кандай мамиле түзүшөт, дал ушул нерсе маданиятты аныктайт.

**Байыркы ойчулдардын ою боюнча**

Байыркы дүйнөдө «маданият» деген сөз бир нече мааниге ээ болчу:

- **Айыл-чарба маданияты:** Болгон каражаттарды эл канчалык жакшы колдонот.
- **Нравалык маданият:** Бул өзүн төмөнкүдөй түшүнүктөрдү камтыйт: билим алуу, тарбия, жеке өнүгүү жана башка.
- **Жан-дүйнө маданияты:** Маданияттын бул түрү өзүн-өзү өнүктүрүүгө, өзүн-өзү таанып билүүгө жана өзүнүн ички сапаттарын жакшыртууга умтулган адамдарды аныктайт.

- **Кана балдар, маданият деген сөз дагы кандай мааниге ээ, билгениңерди айтып бергилечи?**

**1-окуучу:** Ички маданият — адамдын биринчи 20 жыл жашоосунун ичинде калыптануучу моралдык жана нравалык негиздер. Ички маданият өзүнөн өзү калыптанбайт, ага тышкы факторлор таасир этет, алар: ата-эненин тарбиясы, курбу-курдаштар, мугалимдер ж. б.

**2-окуучу:** Коомдук маданият – эл ичинде көп жылдар бою калыптанган өзүн-өзү алып жүрүү факторлору. Буга иш-чаралар, архитектура, живопись жана башакалар кирет.

**3-окуучу:** Кайсы бир конкреттүү багыттагы маданият — бул кайсы бир конкреттүү кырдаалдагы өзүн-өзү алып жүрүү маданияты. Мисалы, «кеп маданияты» дегенди көп учурда укса болот. Бул фразаны төмөнкүдөй интерпретация кылса болот: адамдын сүйлөө манерасы, башка адамдар менен канчалык сүйлөшө билүүсү.

**Мугалим:** Туура балдар. Эми кеп маданияты же сүйлөшүү маданияты демекчи, аны кандай түшүнөсүңөр?

Сүйлөшүу маданияты – бул адам баласынын бири-бирине сөз аркылуу ички ой-туюмун билдирүүдө ар бир сөздү салмактап сүйлөөсү, айтылган сөздөрдү баалап, маани берүү менен татыктуу мамиле жасоо болуп саналат.

“Мен маданияттуу инсанмын” деген адам ар тараптуу маданияттуу болушу керек. Маданияттуулук ар бирибиздин үй-бүлөбүздө калыптанат. Үй-бүлөдө ата-энелер бири-бирине сылык мамиле жасап, бирин-бири урматтап турса аларды көргөн уул-кызы да маданияттуу, сылык болуп чоңоюшат.

Эми болсо маданияттуу сүйлө боюнча конкурс өткөрөбүз. Ар бир ата-эне өз балдарына эмнени үйрөтө алат, ошону карап байкап, баалайлы.

Катышуучулар 2-үй-бүлө төмөнкү тапшырмаларды аткарышат. Ар бир үй-бүлөгө ар башка тапшырма берилет.

БИРИНЧИ ҮЙ –БҮЛӨ ТОБУ: “НАРК”

1. “Нарк” жөнүндө атасы же апасы менен окуучу слайд аркылуу жактап, чечмелеп беришет.

Абийир-тазалык, ар-дем, бедел, намыс-ички тирек, акыйкаттык-актык, адилеттик – чынчылдык, парыз-кызмат, элдик билим-жан дүйнө. Буларды билүү жана аткаруу – нарктуулук. Демек, нарктуу адам кандай болот дегенде, адамгерчиликтүү сапатка ээ, адилет иш кылган, калыс чечкен, уяттуу жүрүм-турумга ээ, акыйкаттуу, салттуулукту карманган, салабаттуу, сабырдуу жана айкөл адам.

2. Биздин үй-бүлөдө сүйлөшү маданиятыбыз кандай? Темага байланыштуу ата-энелер менен сахналык көрүнүш.

**Энеси:** Телефондон кызына чалат. – Садагаң болоюн, иштен чыктым. Мен баргыча чай коюп койчу.
**Кызы:** Апаке, келе бериңиз чай эмес тамак дагы жасап койдум.
**Эне:** Рахмат айланайын, бактың ачылсын.
**Кыз:** Салтан, апам иштен чарчап келе жатыптыр. Дастаркон жайып жиберчи. Мен ага чейин чай коё калайын, - деп сиңдисине кайрылды.
**Сиңдиси:** Макул эжеке, азыр. Алдына төшөк дагы сала калайын, - деп жүгүрүп баарын даярдай калды.

Сырттан кирип келген апасы кыздарынын чекесинен сылап жүзүнөн сүйдү. Кечиңер көңүлдүү болсун!

- Мектепке кандай барып келдиңер? Окууларыңар жакшыбы? Азаматтарым! Үйгө келсем жарпым жазылат. Баардыгы өз жайында. “Кыз үйдө кыл жатпайт” деген ушул. Келгиле дастарконго отуралы эми. Биринчи атаңар отурсун дасторконго, чакыргыла. Атаңар үйдүн кожоюну эмеспи. Улуулаша дасторконго отурушту. Баары чогулуп отурганда:

- Тамагыңар таттуу болсун! Дастаркону̧ар тамак-ашка толуп, келечекте жакшы, ыймандуу кыздардан болгула, садагаларым. Үйдүн куту аял эмеспи, - деп жүзүнө бата тартышты.

3. Экрандан көрсөтүлгөн макалдардын калтырылган сөздөрүн улап айтышат.

Канча көбүрөөк макал айтышса, ошого жараша упай топтолот.

- Бала жакшысы атанын даңкы,......( кыз жакшысы ненин даңкы).
- Балаң мыкты болсо........( даңкың).
- Жакшы бала элпек, .......(жаман бала тентек).
- Жашыңда берсин мээнетти, ...... (карыганда берсин дөөлөттү).

ЭКИНЧИ ҮЙ – БҮЛӨ ТОБУ: “АДАТ”

Адат – турмушта көнүмүш болуп калган туруктуу мүнөздөгү иш-аракеттер, күндөлүк жүрүм-турум этикасы, эрежелери. Адаттар адамдардын жүрүм-турумуна бекем киргенден тартып, алардын оң жана терс жүрүм-туруму байкалат.

**Кийинки сахнада терс көрүнүштү, сүйлөө маданияты жок үй-бүлөнү чагылдырылат**

**Энеси:** - Ай кыз, темселеп ушул убакка чейин кайда жүрөсүң? Саат канча болуп калды? Акылы жок эле болуп чоңойдуң. Классташтарың келгени качан? Апаларына жардам берип, колун узартып. Кандай үй-бүлөөнүн кыздары акылдуу?
**Кызы:** - Эмне эле мага эле асыла бересиң, апа. “Прямь надоело!” Мен деле сабактан кийин эс алууга укугум бар да. Тигинин кызы, мунун кызы дей берип тажаттыңыз. Эч бир сөзүңүздү уккум дагы келбей калды.

**Энеси:** Сени мектепте деги эмнени үйрөтөт? Сүйлөшүү маданият деген эмне экенин билесинби?
**Кызы:** Маданият деп коёсуз. “Алма дарактан алыс түшпөйт дейт” Сизди тарткам да. Кирээрим менен өзүңүз маданияттуу сүйлөдүңүзбү? Айкырып, кыйкырасыз. Сизден үйрөнүп жатам.

Экрандан көрсөтүлгөн макалдардын калтырылган сөздөрүн улап айтышат. Канча көбүрөөк макал айтышса, ошого жараша упай топтолот.

- **Жакшы сөз, ........ (жанды эргитет)**
- Жакшы — сөздү таап сүйлөйт, .......(жаман — каап сүйлөйт)
- Ынтымак бар жерде — ........(ырыс бар)
- Улууну урматта,...... (кичүүнү ызатта)

**Сабактын жыйынтыгы:**



1. Нарк – деген эмне?
2. “Нарктуулук” эрежелеринин белгилерин айткыла?
3. “Адат” дегенди кандай түшүндүңөр?
4. Маданият дегенди кандай түшүнөсүңөр?



**Бабалар сөзүн билип жүр!**

1. Босогону баштанып жатпайт;
2. Күн чыкканча уктаган ырыскыдан кур калат;
3. Баш кийимди тетири каратып кийбейт;
4. Тамак жегенде жер таянбай отур;
5. Идишти тээп жылдырбайт;
6. Күн чыкканга чейин уктабайт.

**Жыйынтыктоо:**

Балдар, биз бүгүнкү сабагыбызда**: “Адамдын маданияты саламдашуудан башталат”** дегенди бүгүн билдик.

**Билем:** Илбериңки, сылыктуулук деген эмне экенин билдим.
**Билдим:** Нарктуулук эмне экенин түшүндүм.
**Билгим келет:** Нарктуулуктун балуулуктарын көбүрөөк билгим келет.

**Үй тапшырма:** “Сабырдуу болуу” ( Эссе жазуу).